УДК 37.02.808.

К.Б.МИҢБАЕВА
K.B. MINBAIEVA
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# Б.АСАНАЛИЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ ЖАНА ДҮЙНӨ ТААНЫТУУ ИДЕЯЛАРЫ

# BAITEMIR ASANALIEYEV'S WORKS OF ETHNOEPEDAGOGICAL UPBRINGING AND THE IDEAS OF WORLD OUTLOOK

*Аталган макалада Байтемир Асаналиевдин, балдар ырларындагы улуттук тарбия жана дүйнө таанытуу идеяларынын берилиши тууралуу сөз болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *дүйнө таанымы, тарбия идеялары, педагогика, табышмак, аң-сезим, турмуш-тиричилик, эмоционалдык байланыш, педагогикалык идеялар, этнопедагогика, патриоттук тарбия.*

*В данной статье речь идет о мировоззренческих идеях и воспитании национального самосознания в детских песнях Байтемира Асаналиева.*

***Ключевые слова:*** *кругозор, идеи воспитания, педагогика, загадка, чувство, бытовое, эмоцианальная связь, педагогические идеи, этнопедагогика, патриотическое воспитание.*

*This article is about the ideas of world outlook and national self-concious in children's poems of BaitemirAsanaliev*

***Keywords:*** *world outlook, upbringigng ideas, pedagogy, riddle, mind, hourehold, emotional attitude, pedagogical ideas, ethnoepedagogical, patriotic upbringing.*

Б. Асаналиев – улуттук балдар адабиятыбыздагы чыгармачылык салттуулукту карманган акындардын бири. Анын бир белгиси–тематиканы ар тараптуу жана да балага дүйнө таанытуу, балалык кыял-чабыттарын, балалык дүйнөсүн поэтикалуу чагылдыруу, ошону менен бирге эриш-аркак, ажырагыс түрдө улуу катары таалим тарбия, акыл-насаат берүү идеяларынын мол экендиги талашсыз. Акындын чыгармачылыгындагы мындай багыттар анын алгачкы эле чыгармачылык чыйырынан байкалган. Анын «Жаз боёгу» аттуу биринчи жарыяланган жыйнагында айтылгандай, баланын кыялы, таттуу тили, ички табияты, психологиясы эне менен баланын эмоционалдык байланышы, табият менен адамдын алакасы, ага жылуу мамиле жасоо, балдардын табият табышмагын билүүгө болгон куштарлыгы, бала жашап жаткан коом, анын балдардын аң-сезимине тийгизип жаткан таасири, эмгектин ролу, эмгекчилдикке тарбиялоо, жана башка багыттардагы таанытуучулук мүнөзүндөгү педагогикалык идеялары чагылдырылган. Алгач этнопедагогика терминине кайрылып кетүүнү туура деп таптым.

Этнопедагогика - термини илимий лексиконго 60–70-жылдарда кирген. Бул илимдин өзүнө таандык табияты, предмети, изилдеп чечүүчү проблемалары алгачкы жолу аныкталып, өз алдынча илим катары калыптанышы, өнүгүшү үчүн өбөлгөлөр түзүлдү. Этнопедагогика өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруу-уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим [1].

Этнопедагогика - элдердин, уруулардын, улуттардын таалим-тарбия жаатындагы билимдери менен тажрыйбаларын жалпылап изилдөөчү педагогика илиминин бир тармагы. Демек, акындын ырларында улуттук тарбия элдин тажрыйбасына таянган принциптерге негизделип ырлары аркылуу балдарга тартууланат. Б.Асаналиевдин ырларындагы дагы бир өзгөчөлүк – баланын жан дүйнөсүн, анын рухий портретин сөз менен тартып, таза дилин, ширин тилин мыкты бере алгандыгы талашсыз.

Акыныбыз балдардын аң-сезимин байытуу, алардын жаратылыш, курчап турган дүйнө менен болгон байланышын күчөтүү максатында кичинекей бөбөктүн жан дүйнөсүн, дүйнө таанымын өстүрүүчү ары кызыктуу, көп түрдүү тематикаларды тандап алат десек аша чапкандык болбос. Анын ырларында табиятты, андагы жан-жаныбарларды, тагыраагы арстан, керик, аюу, зебра, карышкыр, жылан, пил, маймыл жана башкалар менен балдарды тааныштыруу, анын кандай экендигин, жашоо-шартын, тиричилигин билдирген, аларды жанынан көрбөсө да ыр саптары аркылуу элестетүү менен тааный ала турган даражада элестүү, көркөм баяндап бере алат. Ал эми «Жаңы ырлар» түрмөгү улуулар көп маани бербеген, балдар жазуучуларына гана тиешеси бардай туюлган, ит, күчүк, мышык, чычкан, торпок, уй, коделек менен тааныштырган чакан-чакан ырлары да эң кенже балдар жаттап ырдачу, тилин өстүрөрлүк, ийкемдүү ырлардын катарын толуктап турат. Ушул эле тематикада балдарга чоң ата, чоң эне деген ким, таене, таята дегендер да кимдер экенин шаардык балдарга таанытуу тууралсындагы ырлары да өзгөчө кызыгууну жаратат, тагыраак айтканда: «–Таене деген ким болот? –Ал –Энеңдин энеси. –«Бабушка» деп шашылбай, Байкоо керек эмеспи». Балдарды ыймандуу, адептүү болууга үндөгөн ырлары китептин басымдуу бөлүгүн ээлейт. Андагы «Ыйман деген эмне?», «Азиз адам баратты», «Чоң эне менен небере», «Көпүрө», «Жакшы китеп», «Ырысбек», «Кубан, бөбөк», «Мурас» жана башка көптөгөн ырлары мисал боло алат.

Байтемир Асаналиев «Мурас» деген ырында бүгүнкү чет элдик фильмдерге кызыгып, улуттук сапаттарыбызды унутуп, атыбыз кыргыз болуп туруп, затыбыз башка болуп кетер коркунуч алдында, рухий бөксөлүк улуттук нарктарыбыздын кадырын кетирер чакта балдарыбызды нагыз кыргыз атанын наркы менен болуусун самап, мындай деп жазат:

«Ар бир кыргыз баласы,
Ак калпакты кийишсин.
Ак боз үйдө олтуруп,
Комуз черте билишсин!
Элин-жерин сүйүшсүн!» [4, 326-бет]

Акыныбыз балдар тарбиясына анын ичинде улуттук тарбия берүүгө кызыкдар, мекенчил инсандардан экендигин өзүнүн чыгармалары аркылуу көрсөтө алды. Анын ар бир ырында улуттук колоритти чагылдырган маңыздуу саптардын бар экендиги жогорудагы сөзүбүзгө күбө.

Б.Асаналиевдин ыр жыйнактарында балдардын дүйнө таанымын өстүрүүгө багыт берүүчү ыр түрмөктөрүнүн бай экендиги жакшы көрүнүштөрдүн бири. Себеби кайсы бир акын элдик тарбиянын негизинде балдарды тарбиялоого көңүл бурушу керектиги мезгилдин талабы. Акындын "Ким болот" деген ырында мотурайган бөбөктөр үчүн чоң ата, чоң эне, таята менен таене деп кимдерди атай тургандыгын ырга салып жазган. Мисалга алсак,

**Чоң ата** деген ким болот?
-Ал-атаңдын атасы!...
**-Чоң эне** деген ким болот?
-Ал-атаңдын энеси.
**-Таята** деген ким болот?
-Ал апаңдын атасы.
**-Таене** деген ким болот?
-Ал апаңдын энеси.... [6,15-бет]

Ошону менен бирге заман талабына ылайык ата энелерибиз балдарын орус тилдүү кылып тарбиялап жаткандыгын да эске алып, алардын ар бирин кыргызча өз аты менен атоо керектигин эскертип,
"Бабушка" деп шашылбай,
Байкоо керек эмеспи.... деп эскертүү катары айтып жаткандай. Акын ырларында улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен келечек жаш муундардын эне тилинде таза сүйлөй билүүсүнө кам көрүп өзүнүн чыныгы акындык милдетин эл алдында аткарып келет.

Ошону менен бирге кыргыз элинин жылкы менен жакындыгы бар экендигин чагылдырган “Ат адамдын канаты” деген макалдын айланасында “ Атка коркпой минемин” аттуу ырында:

“Ат-адамдын канаты” дейт,
Атты жакшы көрөмүн.
Азоо эмес, жоош ат минип,
Акырындап көнөмүн.
Кулактары шамдай күйүп,
Кулан сындуу жаныбар.
Чоңойгондо чабам күлүк,-
Менде кыргыз каны бар [6,21-бет] - деп кыргыз элиндеги жылкынын жашы боюнча аталышын, жаш балдар азоо эмес, жоош ат минип үйрөнүшү керектиги тууралуу айтып, кыргыз элинде ат минүү өнөрү балдарга кичинекей кезинен эле кадимки көрүнүш катары карала тургандыгын жазат.

Байтемир Асаналиев бир гана балдар акыны гана эмес, өз мезгилинин көйгөйүн жаза билген, чоңдордун да акыны экендигин замандаштары, окурмандары айтып келишет. Балдарга арналган чыгармаларынын багыты этнопедагогикалык тарбия берүү жана алардын дүйнө таанымын өстүрүү болуп саналат. Мына ошол себептүү ырлары балдардын табиятына жакын, тили жатык, жаттоого оңой болгондугу менен өзгөчөлөнүп турат десек жаңылышпайбыз. Демек акыныбыздын стили өз мезгилине төп келген, замандын талабына ылайык улуттук аң сезимди бийик туткан, ошону менен бирге келечек жаш муундун дүйнө таанымынын, адеп ахлакынын, тарбиясынын мыкты болуусуна талыкпастан аракеттенген балдар акыны десек аша чапкандык болбос.

Акыныбыздын ырларын барактап олтуруп анын ыр саптарында баланын жан дүйнөсүн байытып, тай, ат, уй, өгүз, төө сыяктуу жаныбарларга жабылуучу жабдыктардын жашына ылайык колдонулуп, өз аты менен атала тургандыгын “Айырмалай билели” деген ырында чечмелеп берген. Мисалы:

Аты мунун **айырмач** –
**Ээр** экенин билгиле.
Той-тамаша күндөрдө
**Тайга** токуп мингиле.
**Ак каңкы** ээри атамдын,
**Атка** сонун жарашат.
**“Ыңырчак”-** дейт эл муну,
**Уйга, өгүзгө** токулат...
**А төөгө** эмне токуйбуз?
Төө токулбайт, **комдолот**.
Комдой турган кийиздин
Аты, билсең –**чом** болот.
Ата бабаң ат минип,
Тоодо өткөргөн күндөрүн.
Абдан керек буларды
Айырмалай билгениң. [6,43-бет]

Ошону менен бирге бөбөктөрдүн дүйнө таанымын өстүрүү үчүн аларга куплеттер аркылуу сөз башындагы тыбыштарды катып, табышмактарды тагыраак айтканда, метаграммаларды сунуштайт. Алсак, жай-ай, кит-ит, белек-элек, казык-азык деп сыр катат. Бөбөктөр метаграммаларды окуу менен бирге тапкычтыкка үйрөнөт.

Акындын “Айбанаттар паркында” аттуу ыр түрмөктөрүндө айбанаттардын баарына токтолуп, ар бир жаныбарга өзүнчө мүнөздөмө берүү менен чечмелеген. Ал ырларды окуган бала аталган айбанаттарды көрбөй туруп эле ой жүгүртүүсү, ырдагы берилген мүнөздөмө аркылуу кенен түшүнүккө ээ боло алат.

Б.Асаналиевдин чыгармачылыгынын тематикалык көп түрдүүлүгү, анын ички маани-маңызы, чыгармаларынын тарбия-таалим берүүчүлүк багыттары, тематикалары көп тармактуу экендигин акындын ырларын талдоого алуу менен байкоого болот. Бирок балдарга арналган чыгармачылыгынын негизги багыты, ырларынын идеясы менен элдик

тарбияга каныктырат, улууларды сыйлоону үйрөтөт, табиятты сыйлоого жатыктырат. Ошого улай эле ата тарбиясынын асылдыгын даңазалаган “Ырысбек” аттуу ырында баланын тарбиялуу болгондугунун натыйжасы, чыныгы кыргыз уулунун табияты кандай болуусу керектигин айтып, ырга салуу менен ага мүнөздөмө берет:

Ал үйрөнгөн ичкенге,
Ачуурканбай кымызды.
Анын жайкы күндөрү,
Айтор, өтөт кызыктуу.
Угат дайым жакшы,
Ушул бала жылдыздуу.
Ата жолун улантчу

Анык толук кыргыз бу! [5,16-бет] деп, кыргыз элинин турмушунун анык картинасын көзгө келтирүү менен балдарды элин жерин сүйүүгө, үндөп, патриоттук тарбияга чакырык жасайт. Ошого улай эле “Сүт” деген ырында элдин турмушундагы сүттүн мааниси, анын пайдасы тууралуу айтып, андан кайсы азыктар жасала тургандыгына токтолуп өтөт:

Айран, каймак, май болот,
Тасмал үстү бай болот.
Эжигей, быштак жасалып,
Эл көңүлү жай болот [5,10-бет]

Демек, акындын чыгармачылык өнөрканасы түрдүү тематикаларга бай жана ырларынын мааниси, идеясы, тематикасынын көп түрдүү экендиги менен өзгөчөлөнүп турат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков А. – Бишкек: 1996.
2. Асаналиев Б. Айбанаттар паркында [Текст] / Б. Асаналиев. - Б.: 2004.
3. Асаналиев Б. Балдар неге күлүштү [Текст] / Б. Асаналиев.- Б.: 2011.
4. Асаналиев Б. Ыр куржун [Текст] / Б. Асаналиев . - Б.: 2010.
5. Абдухамидова Б А. Адабий окуу, 3-кл. үчүн окуу китеби [Текст] / Б.А.Абдухамидова, С. К. Рысбаев, К. Ибраимова. - Б.: 2013.
6. Асаналиев Б. Селкинчек [Текст] / Б.Асаналиев. -Б.: 2013.